Борбордук шайлоо комиссиясына

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 02-14/4878
« 30 » 11 2021 ж/г

№4 «Кок Жар» шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына талапкер №5367 сандуу «Жеке Мисте» УШК сынан Р.Р.Рысбаевдин байкоочусу Нурдинова Тургунташ Эсенбаевнадан

# А Р Ы З

Менин арыз менен кайрылуумдун себеби томондогучо: 2021-жылдын 28-ноябрь куну откон Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттын шайлоо оноктугундо №4 «Кок Жар» шайлоо округунун №5367 сандуу «Найман» УШК сында шайлоо онктугу учурунда толгон мыйзам бузуулар катталып, шайлоо нормалары толук бузулду, тактап айтканда кун мурун участкадан сырткары шайлоо учурунда мыйзамдын талабы одоно турдо бузулуп УШК мучолору озу каалгандай шайлоо жургузушту Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамынын 33-б. 4-б. участкалык шайлоо комиссиясы добуш берүүгө 2 күн калганда өзүнүн жыйналышында добуш берүүчү орун жайдан тышкары добуш берүүнү уюштура турган комиссиянын мүчөлөрүн чүчү кулак менен аныктоосу жана участкалык шайлоо комиссиясы добуш берүү күнүнө чейин 2 күн калганда өзүнүн участогунда добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү мүмкүнчүлүгүн берүү тууралуу жазуу жүзүндө ага арыз берген шайлоочулардын реестрин илип коюуга милдеттүүлук белгиленген, бул учурда мыйзамдын жогорудагы талабы бузулуп, шайлоочулардын аты-жону, саны такталып илинген эмес, чучу кулак тартылбастан туруп шайлоо оноктугу башталып кеткен, 4 шайлоочуга барып, откорду. Кайра УШК ге келип эмне себептен чучу кулак тартышпагандыгын н сурасам комиссия жооп бере албай, билбестен чучу кулак откорбоптурбуз, акты жазбаныз деп суранышты.

Ошол Мыйзамдын 31-б. 1-б. шайлоо күнү добуш берүү саат 8ден саат 20га чейин жүргүзүлөрү, шайлоо күнү эртең мененки саат 7 де участкалык шайлоо комиссиясы добуш берүү жайындагы өз жыйналышында чүчү кулак аркылуу төмөнкү иштерди аткаруучу комиссия мүчөлөрүн аныктоосу:

- добуш берүү күнүндө оператордун ишин контролдоону жана аны менен бирдикте шайлоочулардын электрондук тизмесинде жарандарды идентификациялоону жүргүзүүчү;
- шайлоочулардын кагаздагы тизмесиндеги жарандарды каттоону жүзөгө ашыруучу;
- шайлоо бюллетендерин берүүчү;
- шайлоочулардын жашыруун добуш берүү кабиналарына киришин, шайлоо бюллетендерин добуш берүү үкөктөрүнө салышын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруучу мучолордун аныкталуусу белгиленген, бул учурда УШК тарабынан мыйзамдын бул талабы сакталбай, чучу кулак ташталбай комиссия оз милдеттерин так аткарбай кун мурун алар озулору суйлошуп алышып, кээ бир талапкерлердин пайдасына иш жургузушту деп эсептеймин.

КР шайлоо жана референдумдумду даярдоо жана откоруу мезгилинде санитардык-эпидемиологиялык коопсуздукту жана жарандардын ден соолугун коргоону камсыз кылуу боюнча аракетинин алгоритмин бузуу менен журуп, адамдардын ортосундагы 1,5 м. кем эмес социалдык аралык сакталган эмес, УШК мучолоруно жана шайлоочуларга бет кап тагуу режими сакталган жок.

Кырыз Республкасынын шайлоо жана референдумдумду даярдоо жана откоруу мезгилинде санитардык-эпидемиологиялык коопсуздукту жана жарандардын ден соолугун коргоону камсыз кылуу боюнча аракетинин алгоритмин бузуу менен журуп, адамдардын ортосундагы 1,5 м. кем эмес социалдык аралык сакталган эмес, бул тууралуу эскерттулорду бергеним караьастан, ал талапт сакталбады. УШК мучолорунун кээ бирлери жана шайлоочулар бет кап тагуу режимин сакташкан жок.

Андан сырктары, шайлоонун журушундо шайлоочулардын жанындагы же УШК мучолору, урнанын жанындагы турган кыз, колдору менен Омурду корсотуп ошону шайлоосун ачык эле айтып жатышты, ал тууралу акты тузулду.

Шайлоочу Аматова Айчурок партиялык шайлоо боюнча, шайлоодон отуп, ал эми бир мандаттуу шайлоо боюнча бюллетень албай шайлоо укугунан ажыратылды. А.Аматова озу паспорт столго барып арыз менен кайрылгандыган карабастан шайлоо укугунан ажыратылды.

Кун мурун откон урнадан сырткары шайлоонун жыйынтыгы, мыйзамды бузуу жолу менен жургузулгондуктон, ал шайлоонун жыйынтыгын эсептоо учурунда жалпы жыйынтыкка кирип кетти, андыктан шайлоонун купуялуугу сакталбастан, мыйзам бузуу учурлары коп катталгандыктан 2021-жылдын 28-ноябырын КР депуттарын шайлоо учурунларагы № 5367 сандуу УШКсында откон шайлоонун жыйынтыгы жокко чыгарылууга жатат деп эсептеймин.

Жогорулагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамынын 2, 31,33,45, 44, 47-беренелеринин талаптарына ылайык борбордук шайлоо комиссиясынан

С У Р А Й М Ы Н :

2021-жылдын 28-ноябырындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттарын шайлоо боюнча №4 «Кок Жар» шайлоо округунун бир мандаттуу шайлоо округу боюнча №5367 сандуу «Найман» УШК сынын добуш беруунун жыйынтыгы боюнча №1 протоколун жокко чыгарууну;

Байкоочу : Нурдинова Т.Э.